**ЖКББ НББПнын максаттары**

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» багыты боюнча магистрди даярдоодогу негизги билим берүү программасынын максаттары (М):**

**М1.** Магистранттарда компетенттик мамиленин негизинде социалдык-инсандык сапаттарды калыптандырууну улантуу, жалпы маданияттуулук деңгээлин жана кругозорун жогорулатуу; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жана расмий тилдерде ишмердүүлүгүн жүргүзө алуусун өркүндөтүү, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу; интеллектуалдык потенциалын, билимин жана билгичтиктерин Кыргызстандын ар тараптан өнүгүшү үчүн жүзөгө ашырууга даяр экендигин тарбиялоо, өлкө үчүн болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.

**М2.** IT технология жана экономика багытында терендетилген атайын кесиптик билимдерди, заманбап илимий баалулуктарды калыптандырууда сапаттын кепилдигин камсыздоо менен илимий-изилдөө иштерин жүргүзө алууга жана жаңы информациялык технологияларды иш жүзүндө колдоно алууга, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошууга даярдоо.

**М3.** Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуу менен бүтүрүүчүлөргө ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүү, информациялык, экономикалык жана банк системаларындагы процесстерди иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүү, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, информациялык системаларды жана тармактарды программалык камсыздоо, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу, региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу.

**М4.** Бүтүрүүчүлөрдү ишкана-мекемелердеги колдонулуучу информациялык системаларды жана процесстерди заманбап технологияларды колдонуу менен автоматташтырууга, оптималдаштырууга, жаңылыктарды алып келүүгө, интранет жана интернет тармактарын эффективдүү колдонуу аркылуу берилгендер базасын түзүүгө жана колдонууга, электрондук продукция чыгарууга жана киреше алууга, команда менен иштөөнү башкарууга, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликттик ситуациялардан тобокелсиз мыйзам чегинде чече алууга үйрөтүү.

**М5.** Эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алуу, ресурстарды рационалдуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында магистранттарга ата-мекендик жана чет элдик тажрыйбалардын илимий-техникалык маалыматтарын жыйноо, анализдөө жана тажрыйбаларды жүргүзүү менен аларды колдоно алуу, стратегиялык пландаштыруу, инвестицияларды жана гранттарды тартуу алкагында информациялык-коммуникациялык технологияларды пайдаланып чет элдик өнөктөштөр менен кызматташып иштөөгө жана тажрыйба бөлүшүүгө жетишүү көндүмдөрүн калыптандыруу.